«Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын талаптарынын аткаруу максатында  Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун 2023-жылдын 18-сентябрындагы № 206 буйругунун негизинде Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунда мамлекеттик тилди өнүктүрүү боюнча иш-чаралар планы бекитилди. Аталган планда мамлекеттик тилди өнүктүрүү, анын колдонуу чөйрөсүн кеңейтүү максатында аткарыла турган бир катар иш-чаралар белгиленген.



КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНЕ КАРАШТУУ КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН СОЦИАЛДЫК ФОНДУ

СОЦИАЛЬНЫЙ ФОНД КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ ПРИ КАБИНЕТЕ МИНИСТРОВ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

**БУЙРУК**
**ПРИКАЗ**

18.09.23 № 206

Бишкек ш.
г. Бишкек

**Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунда мамлекеттик тилди өнүктүрүү боюнча иш-чаралар планын бекитүү жөнүндө**

«Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Конституциялык Мыйзамын аткаруу максатында,

**БУЙРУК КЫЛАМ:**

1. Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунда мамлекеттик тилди өнүктүрүү боюнча тиркелген иш-чаралар планы бекитилсин.
2. Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун 2022-жылдын 7-сентябрындагы № 252 «Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунда мамлекеттик тилди өнүктүрүү боюнча иш-чаралар планын бекитүү жөнүндө» буйругу күчүн жоготту деп таанылсын.
3. Иш кагаздарын жүргүзүү жана электрондук документ жүгүртүү бөлүмү бул буйрукту аткаруу үчүн борбордук аппараттын түзүмдүк бөлүмдөрүнө, ведомстволук мекемелерине жана региондук башкармалыктарына жеткирсин.
4. Бул буйруктун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун төрагасынын орун басары У. Жума уулуна жүктөлсүн.

**Төрага** **Б.Дж. Алиев**

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН



**Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун 2023-жылдын «18» 09 № 206 буйругу менен бекитилди**

**Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунда мамлекеттик тилди өнүктүрүү боюнча ИШ-ЧАРАЛАР ПЛАНЫ**

| № | Милдеттер | Күтүлүүчү натыйжалар | Жооптуу аткаруучулар | Мөөнөтү (жыл) |
|---|---|---|---|---|
| 1 | «Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Конституциялык Мыйзамын аткаруу боюнча зарыл чараларды көрүү | «Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Конституциялык Мыйзамынын аткарылышын камсыз кылуу | Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун борбордук аппараттын түзүмдүк бөлүмдөрү, ведомстволук мекемелери жана региондук башкармалыктары | Дайыма |
| 2 | Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун ички (локалдык) ченемдик укуктук актыларын «Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Конституциялык Мыйзамынын талаптарына ылайык инвентаризациялоо | Ички ченемдик укуктук актыларды «Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Конституциялык Мыйзамына шайкеш келтирүү | Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун борбордук аппараттын тийиштүү түзүмдүк бөлүмдөрү, ведомстволук мекемелер | декабрь |
| 3 | Социалдык фонддун кызматкерлеринин мамлекеттик тилди билүү деңгээлин аныктоо үчүн "Кыргызтест" аркылуу тестирлөөдөн өткөрүү иштерин уюштуруу | Социалдык фонддун кызматкерлеринин мамлекеттик тилди билүү деңгээлин аныктоо | Мамлекеттик тилди өнүктүрүү жана лингвистикалык экспертиза жүргүзүү сектору, региондук башкармалыктар, Адам ресурстары менен иш алып баруу бөлүмү | Дайыма |
| 4 | Иш кагаздарын мамлекеттик тилде жүргүзүү боюнча окуу курстарын уюштуруу | Иш кагаздарын мамлекеттик тилде жүргүзүү | Мамлекеттик тилди өнүктүрүү жана лингвистикалык экспертиза жүргүзүү сектору, «Окуу борбору» мекемеси | Дайыма |
| 5 | Социалдык фонддун жарнамаларын, кулактандырууларын жана башка көрүнөө маалыматтарын мамлекеттик тилде жол-жоболоштуруу | Социалдык фонддун жарнамаларын, кулактандырууларын жана башка көрүнөө маалыматтарынын мамлекеттик тилде даярдалышы, | Мамлекеттик тилди өнүктүрүү жана лингвистикалык экспертиза жүргүзүү сектору, ведомстволук | дайыма |

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

№ 206, 18.09.2023 Кол койгон: Кадырова Г.К., 18.09.2023



**Социалдык фонд Мамлекеттик тил күнүнө карата иш-чара өткөрдү**

Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун 2023-жылдын 6-июлундагы № 155 буйругуна ылайык 2023-жылдын 23-сентябрь Мамлекеттик тил күнүнө карата Мамлекеттик социалдык камсыздандыруу чөйрөсүндө мамлекеттик тилди толук жана кеңири колдонууну камсыздоо, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунда Мамлекеттик тил күнүн белгилөө максатында «Кыргыз тили – кыргыз элинин көөнөрбөс мурасы» көркөм окуу сынагы белгиленген. Аталган сынакка Социалдык фонддун борбордук аппаратынын, ведомстволук мекемелеринин, райондук/шаардык башкармалыктарынын кызматкерлери катышты.

Жогоруда аталган пландын алкагында Мамлекеттик тил күнүнө арналган «Кыргыз тили – кыргыз элинин көөнөрбөс мур асы» аттуу тегерек стол өткөрүлдү. Анда Кыргыз Республикасынын

Президентине караштуу Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссиясынын төрагасы Осмоналиев Каныбек Осмоналиевич «Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили жөнүндө» КР конституциялык Мыйзамы тууралуу жалпы түшүндүрмө берип, слайд-презентация көрсөтүлдү.

Иш-чаранын алкагында мамлекеттик тил күнүнө арналган «Кыргыз тили – кыргыз элинин көөнөрбөс мурасы» көркөм окуу сынагынын жеңүүчүлөрү жарыяланып, сыйлыктар тапшырылды.








ДИПЛОМ

## Социалдык фонддун региондук башкармалыктарында «Иш кагаздарын мамлекеттик тилде жүргүзүү» темасындагы семинар-лекция уюштурулду

«Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын талаптарына ылайык жана Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунда мамлекеттик тилди өнүктүрүү боюнча иш-чаралар планын аткаруу максатында даярдалган «Иш кагаздарын мамлекеттик тилде жүргүзүү» темасындагы семинар-лекция уюштурулду:

- 2023-жылдын 9-10-11-ноябрында Ош, Жалал-Абад, Баткен облустарынын райондук жана шаардык башкармалыктарынын кызматкерлерине;
- 2023-жылдын 23-24-ноябрында Талас, Чүй облустарынын жана Бишкек шаарынын райондук, шаардык башкармалыктарынын кызматкерлерине;
- 2023-жылдын 7-8-9-декабрында Нарын, Ысык-Көл облустарынын райондук жана шаардык башкармалыктарынын кызматкерлерине окутуу өткөрүлдү.

Аталган семинардын максаты инфодокс системасында иш кагаздарын мамлекеттик тилде жүргүзүүгө көмөк көрсөтүү жана кызматкерлерге иш кагаздары боюнча стилистикалык, орфограграфиялык жазуу нормаларын билүүгө милдеттендирүү болгон.

Мында иш кагаздарын жана документтер менен иштөөнү уюштурууга болгон бирдей талаптар, жөнгө салынган принциптер, орфографиялык жазуу эрежелердин жыйындысы жана иш кагаздарында көп колдонулуучу терминдер боюнча лексикалык минимумдар камтылган.




БИШКЕК
Бөлөкбаев Асылбек
Курманбекович

# Иш кагаздарын мамлекеттик тилде жүргүзүү

**Берилген сүйлөмдүн котормосун тапкыла**

*Закон Кыргызской Республики от 11 августа 2004 года № 114 «О государственной службе»*

*А) Кыргыз Республикасынын 11-август 2004-жылдагы № 114 «Мамлекеттик кызмат жөнүндө мыйзамы»*
*Б) Кыргыз Республикасынын 11-август 2004-жылдагы «Мамлекеттик кызмат жөнүндө» № 114 мыйзамы*
*В) Кыргыз Республикасынын 2004-жылдын 11-августундагы № 114 «Мамлекеттик кызмат жөнүндө» мыйзамы*
*Г) Кыргыз Республикасынын 2004-жылдын 11-августундагы «Мамлекеттик кызмат жөнүндө» № 114 мыйзамы*



**Чыңгыз Айтматовдун 95 жылдыгына карата «Айтматов ааламы» китептерди, көргөзмөлөрдү топтоо акциясы уюштурулду**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдагы №353-тескемесине ылайык КР Президентине караштуу Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссия тарабынан жарыяланган «Кыргыз тили жана Айтматов ааламы» аталышындагы үч айлыктын алкагында Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунда адабияттын алпы, залкар жазуучу, коомдук жана мамлекеттик ишмер Чыңгыз Айтматовдун 95 жылдыгы кызуу белгиленип, «Айтматов ааламы» китептерди, көргөзмөлөрдү топтоо акциясы уюштурулду.

Аталган иш-чарага Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун төрагасы Б. Дж. Алиев жана Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссиянын региондук өнүктүрүү боюнча адиси З. Кадырова катышты.

Иш-чаранын жүрүшүндө Социалдык фонддун кызматкерлери залкар жазуучу Чынгыз Айтматовдун чыгармаларынын каармандарын образдарын жаратып, китептер көргөзмөсү уюштурулду.

Ошондой эле жазуучунун урматына Социалдык фонддун райондук, шаардык башкармалыктары тарабынан өз алдынча иш-чаралар уюштурулуп, видео-отчетторду тапшырышты.




урпактарга берели.
Алгалай бер, кыргыз эл,
Азаттыктын жолунда.
Өркүндөй бер, өсө бер,
Өз тагдырың колунда.
1992 - жылы 3-мартта кабыл алынган
Авторлору:
Мечты и надежды отцов сбылись.
Наследье отцов наших передадим
На благо народа потомкам своим.
Припев:
Вперед, кыргызский народ,
Путем свободы вперед!
Взрастай, народ, расцветай,
Свою судьбу созидай.


КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
СОЦИАЛДЫК ФОНДУ




**Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун кызматкерлери «Кыргызтест» мамлекеттик мекемесинен тестирлөөдөн өтүштү**

«Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Конституциялык Мыйзамынын талаптарына ылайык жана Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунда мамлекеттик тилди өнүктүрүү боюнча иш-чаралар планын аткаруу максатында 2024-жылдын 29-30-январында Социалдык фонддун борбордук аппаратынын, ведомстволук мекемелеринин кызматкерлери «Кыргызтест» мамлекеттик мекемесинен тестирлөөдөн өтүштү.

Тест тапшыруучулар жалпы тартип боюнча «Лексика. Грамматика», «Окуу», «Угуу» субтесттери боюнча тапшырмаларды аткарып, өз ойлорун темаларга ылайык оозеки жана жазуу жүзүндө билдире алышты. Тесттен ийгиликтүү өткөн кызматкерлерге тест жыйынтыгы боюнча тиешелүү деңгээлдеги сертификаттар берилет.

Мындан тышкары Социалдык фонддун Бишкек шаарындагы райондук башкармалыктарынын (Биринчи май, Октябрь, Ленин)

тесттен өтө элек кызматкерлерин «Кыргызтест» мамлекеттик мекемесинен тестирлөөдөн өткөрүү пландалууда.

**Социалдык фонддо «Эне тил жана улуттук нарк» темасында иш-чара болуп өттү**

Аталган иш-чара «Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Конституциялык Мыйзамын жайылтуу, Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 20-майындагы ПЖ № 157 «Улуттук нарк жөнүндө» Жарлыгын аткаруу жана эне тилибиздин кадыр-баркын көтөрүү, колдонуу чөйрөсүн кеңейтүү максатында өткөрүлдү.

Иш-чара Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун төрагасынын орун басары  Улан Жума уулунун куттуктоосу менен башталып, «Бакдөөлөт» коомдук фондунун президенти Мелис Мураталиевдин «Эне тил жана улуттук нарк» аттуу баяндамасы менен коштолду.

“Эне тили болбосо, аты аталбайт улуттун демекчи” Кыргыз Республикасында жашап жаткан бардык этностордун тилдерин сактоо жана өнүктүрүүнүн маанилүү фактору катары белгиленген бул майрамдык иш-чара кызматкерлерибизге абдан кызыгуу жаратты.

Улутубуздун мамлекет болуп калыптаныша өбөлгө түзгөн, жаратман элибиз сүйлөгөн улуу тилибиздин уучу эч качан кур болбосун!










**Социалдык фонддун Бишкек шаарындагы райондук башкармалыктарында иш кагаздардын, көрнөктөр, жарнамалар, кулактандыруулар, бланктар, маалымат такталары мамлекеттик тилде, туура тариздelиши боюнча мониторинг жүргүзүлдү**

Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунда мамлекеттик тилди өнүктүүрүү иштери боюнча 2024-жылга иш-чаралар планынын негизинде Социалдык фонддун Бишкек шаарындагы райондук башкармалыктарында имараттын ичиндеги көрнөктөр, жарнамалар, кулактандыруулар, бланктар, маалымат такталары «Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили жөнүндө» Республикасынын Конституциялык Мыйзамынын талаптарына ылайык мамлекеттик тилде, туура тариздeлиши боюнча 2024-жылдын 5-мартындагы № 26-177 кат менен тапшырма берилген.

Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун 2024-жылдын 10-июнундагы № 33-к буйругунун жана жогорудагы тапшырманын негизинде Социалдык фонддун Ленин, Свердлов, Биринчи май, Октябрь, Аламүдүн райондук башкармалыктарында иш кагаздарынын мамлекеттик тилде жүргүзүлүшүн текшерүү жана аларга практикалык жардам көрсөтүү максатында мониторинг жүргүзүлдү.


Пенсиянын
төлөнүшүн
көзөмөлдөө бөлүмү
№7
Отдел по
контролю
за выплатой пенсии


Кыргыз Республикасынын
Социалдык фонду


7
ЖЕКЕЧЕ ЭСЕПКЕ АЛУУ
ЖАНА КАМСЫЗДАНДЫРУУ
ТӨГҮМДӨРҮН ЭСЕПКЕ АЛУУ
БӨЛҮМҮ
ОТДЕЛ
ПЕРСОНИФИЦИРОВАННОГО
УЧЕТА И УЧЕТА
СТРАХОВЫХ ВЗНОСОВ


Пенсиянын
төлөнүшүн
көзөмөлдөө бөлүмү
№7
Отдел по
контролю
за выплатой пенсии










**Социалдык фонддун кызматкерлерине «Иштиктүү кыргыз тили. Кыргызтестке даярдык көрүү» (С1) деңгээли боюнча окуу курсу өткөрүлдү**

2024-жылдын 18-июнунан 24-июнуна чейин беш жумушчу күндүн ичинде Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Ж. Абдрахманов атындагы Мамлекеттик башкаруу академиясынын 2024-жылдын 13-фералындагы № 01-В-28/63 катына ылайык Кыргыз Республикасынын Социалдык фонду «Кыргыз Республикасында 2021-2025-жылдарга мамлекеттик тилди өнүктүрүү жана тил саясатын өркүндөтүү программасын» ишке ашыруунун алкагында мамлекеттик жана муниципалдык кызматкерлер үчүн «Иштиктүү кыргыз тили. Кыргызтестке даярдык көрүү» (С1) деңгээли

боюнча окуу курсун өткөрүлдү. Окутууга 10 кызматкер катышып окугандыгын тастыктаган сертификат алышты.




СЕРТИФИКАТ
СЕРТИФИКАТ
СЕРТИФИКАТ
СЕРТИФИКАТ
СЕРТИФИКАТ
СЕРТИФИКАТ
СЕРТИФИКАТ
СЕРТИФИКАТ